УДК: 111.62(575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-466-470

**Юсупов О.К.**
ага окутуучу
Ош мамлекеттик университети
usupov.orozbek1956@gmail.com
**Юсупова Р.О.**
филос. илим. канд.
Ош мамлекеттик университети
rita-yusupova-2015@mail.ru
**Юсупов О.К.**
старший преподаватель
Ошский государственный университет
usupov.orozbek1956@gmail.com
**Юсупова Р.О.**
канд. филос. наук
Ошский государственный университет
rita-yusupova-2015@mail.ru
**Yusupov O.K.**
Senior Lecturer
Osh State University
usupov.orozbek1956@gmail.com
**Yusupova R.O.**
Candidate of Philosophical Sciences
Osh State University
rita-yusupova-2015@mail.ru

# КЫРГЫЗДАРДЫН ДЕМЕЙКИ БИЛИМДЕРИ ТААНЫП-БИЛҮҮ ПРОЦЕССИНИН СУБСТАНЦИЯЛЫК ДИНАМИКАСЫ КАТАРЫ

# ОБЫДЕННЫЕ ЗНАНИЯ КЫРГЫЗОВ КАК СУБСТАНЦИАЛЬНАЯ ДИНАМИКА ПОЗНАВАТЕЛЬНОГО ПРОЦЕССА

# EVERYDAY KNOWLEDGE OF KYRGYZ AS A SUBSTANTIAL DYNAMICS OF THE COGNITIVE PROCESS

**Аннотация:** Макаланын мазмуну кыргыз элинин таанып-билүүндөгү алгачкы башат катары саналган демейки билимдерине арналган. Алардын эмпирикалык деңгээлдеги дүйнөнү салмактуу кабыл алуусу, элибиздин философиялык ой-жүгүртүүсүн чектеп койгон эмес. Тескерисинче, жаратылышты, адамды, коомду, алардын ортосундагы гармониялык байланышты акыл-эс менен туюп сезүүгө шарт түзгөн.

**Негизги сөздөр:** динамика, субстанция, таанып-билүү, рефлексия, феномен, эмпирикалык, рационалдык, этнопедагогика, этнопсихология, этнофилософия.

**Аннотация:** В статье рассматриваются обыденные знания кыргызского народа, которые являлись первоисточником в его познании реальности. Массовый характер восприятия мира

на эмпирическом уровне не ограничивал философское мышление нашего народа. Напротив, это способствовало пониманию природы, человека, общества и гармоничной связи между ними.

**Ключевые слова:** динамика, субстанция, познание, рефлексия, феномен, эмпирическая, рациональная, этнопедагогика, этнопсихология, этнофилософия.

**Abstract:** The article examines the everyday knowledge of the Kyrgyz people, which was the primary source in their knowledge of reality. The mass nature of the perception of the world at the empirical level did not limit the philosophical thinking of our people. On the contrary, it contributed to the understanding of nature, man, society and the harmonious connection between them.

**Keywords:** dynamics, substance, cognition, reflection, phenomenon, empirical, rational, ethnopedagogy, ethnopsychology, ethnophilosophy.

Байыркы доордон элибизге белгилүү ойчул даанышман инсандар ооз эки чыгармаларында тарыхый учурларды чагылтып, дүйнөнүн жаралышы, өзгөрүүсү, өнүгүүсү тууралуу аң-сезимдеринде анализдеп, терең ой жүгүртүп келишкен. Рационалдуу ойлонуунун негизин табият кубулуштары, коом жана андагы адамдын ээлеген орду түзгөн. Мындан кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашы, тагыраак айтканда, философиясы таанып-билүүдөгү алгачкы динамикалык башат экендигин көрүүгө болот. Демейки билим таанып-билүүнүн эмпирикалык деңгээлине таандык. Ошондуктан, кыргыздардагы жаратылышты кабылдоо күнүмдүк жашоонун нугуна жараша өнүгүп турган феномен.

Улам жаңылоону талап кылган убакыттын өтүшү керексиз көз караштарды четке кагып, пайдалуусун алып калып, кайрадан толукталып муундан-муунга өткөрүлүп келген. Башкача айтканда, оозеки чыгармаларда коомдун талабына жооп берген билимдер сакталып, калганы танылып, иргелип отурган. Албетте, ар бир элдин өзүнүн нукура менталитеттик өзгөчөлүгү болгон сыяктуу, кыргыз элинин тарыхый, маданий мааниси чоң. Элибиздин иденттүүлүгү кийинки муундар үчүн, сыймыктанарлык баага ээ. Алардын дүйнөгө болгон көз караштары жаратылыш менен тыгыз байланыштан жаралган. Өздөрүн айлана-чөйрөнүн бир бөлүгү катары карашып, ага этияттануу, баалоо менен мамиле жасашкан. Элибиздин ыр жандуу болуп, поэтикалык, эстетикалык табиттеринин өрчүшү да мына ушул чөйрөнү сезимдүү таануусунда жатат. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү акылмандык, даанышмандык элдик оозеки чыгармалардын пайда болушуна шарт түздү. Муну фольклор (“фольк” – эл, “лор” – акыл, билим, даанышмандык. “Эл акылы, даанышмандыгы” деген маанини берип, 1846-жылы аңглиялык тарыхчы В. Томс сунуштаган) түшүнүгү менен айкындоо туура болот. Фольклор – элдин көркөм чыгармачылык ишмердиги, ал элдин чыгармачылык өнөрү жана бул искусствону кеңири таратуу жөндөмү болуп саналат (поэзия, музыка, театр, бий, архитектура ж.б).

Элдик чыгармаларда кыргыздардын тарыхый-социалдык абалы, экономикалык-саясий жагы, укугу, илимий деңгээли, этнографиясы, этнопедагогикасы, этнопсихологиясы, этнофилософиясы интерпретацияланган. “Ар бир улуттун каада-салты, үрп-адаты, макал-лакаптары, эпикалык дастандары, дүйнө, адам жана турмуш жөнүндөгү ар кандай түшүнүмдөрү, башкача айтканда, улуттун фольклору менен этнографиялык жоболору баа жеткис руханий байлыкты түзгөн элдик мураска айланып, тарыхый маалымат катары пайдаланылараары талашсыз” [5, 4-б.]. Автордун оюна кошулуп, таанып-билүүдө

кыргыздардын бардык дүйнө караштары, элестөөлөрү, жаратылышты кабыл алуулары элдик чыгармаларда орун алган. Азыркы муундардын руханий өнүгүүсү да мына ушул мурастардан көз каранды. Бар байлыкты сактап, атадан-балага өткөрүү менен биз өзүбүздүн чыныгы салттык билимдерибизди алып калуубуз ар бир жарандын парзы. Ошондуктан, бул макалада байыркы кыргыздардын дүйнөнү таанып-билүүдөгү өзгөчөлөнгөн өңүттөрүн карап көрүүнү туура деп чечтик.

Кыргыздар байыркы элдин катарына киргендиктен, жаратылышта өз ордун билүүгө умтулушкан. Алар курчап турган чөйрөнүн сырын үйрөнүүгө ынтызаарлык менен аракет жасашкан. Таанып-билүүдөгү нерселер, кубулуштар жөнүндөгү жоромолдорун өздөрүнүн аң-сезимдеринин деңгээлинде чечмелеп келишкен. Эмпирикалык билим элибиздин салмактуу бөлүгүн түзгөндүктөн, жаратылыш кубулуштарын, коомду эмоционалдуулук менен кабыл алышып, рационалдуулукка эгедер болгон, концептуалдуу ой жүгүртө алышкан. Мындай жетишкендик көбүнчө эл акылынан жаралган чыгармаларда арбын кездешет:

Асмандан алты сай мөндүр тыбырап,
Борошолоп бургулап,
Карандай мөндүр тыбырап
Каршы терши ургулап,
Тоолорго толук кыш болду,
Жакага жалтыр муз болду...
Адамдын көбү бүгүлдү
Наадандардын кыйласы,
Аманат жандан түңүлдү [3, 159-б.] – деген ыр саптарында “Манас” эпосундагы бир эле кубулуштун реалдуу жактарын ачыктап, жамгыр-мөндүр аралаш жаап карга айланган көрүнүштү мүнөздөшкөн. Ар бир учурду эске алып, жамгырдын жүрүшүн тыкыр изилдөөгө аракет жасашкан. Таанып-билүүдөгү сезимдүүлүктүн ролун жогору коюп, бирок ошол эле учурда рационалдуулуктун да элементтери анда жашап, реалдуулук объективдүү рефлекцияланган. Биздин ата-бабаларыбыздын дүйнөнү таанып-билүүдөгү аксиологиялык өңүтү мына ушунда. Бирок, кыргыз эли сезимдин формалары менен гана айлана-чөйрөнү таанып, акыл-эстин ордун байкашкан эмес. “Бул дүйнөнү жана андагы кубулуштарды сезим аркылуу кабыл алууга байланышкан. Ал эми алар сезим менен кабыл алынган нерселерге сын көз менен карай алышпаган” [5, 41-б.]. Автордун пикирин туура деп таап, табигый интуициялык сезимдүүлүк менен дүйнөгө мамиле жасоо эмпирикалык деңгээлде өздөштүрүлгөнү, анын ичинде рационалдуу идеялардын жашашы кийинки муундар үчүн чоң олжо болуп саналат.

Кыргыз элинин демейки билимдеринин таанып-билүүдөгү орду, азыр илимде салттуу билимдер аркылуу рефлексиялангандыгы менен далилденүүдө. Анткени, эмпирикалык деңгээлдеги дүйнөнү тыкыр таанып-билүү элибиздин өзгөчөлүгүн белгилөөчү касиети болуп саналат. Ошондой эле, мындай сапат салттуу билимдерден арбын байкалат. Салттуу билимдердин өнүгүү эволюциясы дүйнө жөнүндөгү эмпирикалык билимдердин системасынан туруп, өтүүчүлүктүн проекциясында иликтенүүчү процесс. Таанып-билүүдө салттуу билимдер этникалык шайкештикти рефлексиялаган демейки-практикалык билимдердин жыйындысы жана бул илимий талдоого муктаж өңүт. Салттуу билимге бир катар окумуштуулар изилдөө жүргүзүп, ага аныктама берүүгө аракет жасашкан. Алардын арасынан профессор Ж.Бөкөшовдун «Окуя өтөт ой калат» деген эмгегинде: «Кыргыз салт

билими» илимдеги жаңы түшүнүк десек туура болот, («традиционные знания», «traditional knowledge») деген категория жаңы социалдык, экономикалык, маданий алкакта, жаңыча методологиянын негизинде, өзгөчө концепциялык өңүттө кыргыздардын илгертен келе жаткан билим-түшүнүгүн, ой-санаасын, турмуш тажрыйбасын, улуттук мурасын башкача көз караш менен карап, жаңы өңүттөрүн, көмүскө жактарын көрүүгө мүмкүнчүлүк ачып отурат» [2, 22-б.] –, деп белгилеген. Автордун пикирине таянып, салттуу билим, илгертен күнүмдүк тажрыйбалардан чогулган билимдерди, кайсы бир улуттун менталитетин, дүйнөгө болгон көз карашын, ой жүгүртүүсүн, мүнөзүн талдоого алып, аны жаңы ыкмада изилдеген түшүнүк деп айтуу туура болот. Салттуу билимдердин муундан-муунга өтүп келүүсү сапаттык маңызга ээ болот. Таанып-билүүдө салттуу билимдердин өтүүчүлүктөгү орду, алардын туруктуулук, сакталуу, ырааттуулук категориялары менен мүнөздөлүшүндө деп эсептелет.

Ал эми кээ бир салттык түшүнүктөр консервативдик өңүттө бааланат да, анын коомго тийгизген таасири терс көрүнүштү бериши мүмкүн. Анткени мындай билимдер шартка жараша өзгөрүлбөйт, жеке кызыкчылыкты көрсөтүп, авторитардык режимде сакталат. Бирок баары эмес. Ошондуктан «Бардык эле салттарды билүү жана улантуу консервативдүүлүккө жатпайт. Тескерисинче, бардык эле салттарды жокко чыгаруу прогресс же новатордук эмес» [4, 79-б.]. Таанып-билүүдө бул логиканын ортолук интерпретацияланышын тандап алуу зарылдыгы чыгат. Анткени бир идеяны өзгөрүүсүз кармап калууга мүмкүн эмес, тескерисинче, салттарды түп орду менен тануу өнүгүүгө алып барбайт. Демек, салттуу билимдерди окуп үйрөнүү менен алардын керектүү жагын алып калып, керексиз тараптарын жокко чыгарып, илимий, коомдук өнүгүүнүн негизинде ага толуктоолорду киргизип бышыктасак, эмпирикалык билимдерди кайрадан колдонуу чөйрөсүнүн кеңейүү мүмкүндүгү пайда болот.

Ал эми таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармалардагы өтүүчүлүк процесси, сакталуу, өзгөрүп туруу, таанылуу, трансформация кыймылдарын камтып, маанилүү идеялардын муундан-муунга берилишинде чоң ролду ойнойт. Таанып-билүүдө өтүүчүлүк категориясы тез арада калыптанып калган эмес, бул кубулуш улам жаңы нерселердин жаралуусунда эскинин фундаменталдык функциясынын негизинде ишке ашып турган. Дүйнөнү таанып-билүүдө диалектикалык материалисттер өтүүчүлүк принцибин диалектиканын мыйзамдары аркылуу түшүндүрүүгө аракет жасашкан. Ал эми метафизиканын жактоочулары, бардык жаңыдан пайда болуучу нерселерди өз алдынча карап, анын кайрадан жаралышында эскинин ордун жокко чыгарышкан. Ошондуктан таанып-билүүдө өтүүчүлүк түшүнүгүнүн калыптануу тарыхы узак убакыт аралыгында толукталып, илимдин философиясындагы инновациялык билимдердин методикалык байланышын түптөп, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн өздөштүрүүдө орчундуу орунду ээледи. «Өтүүчүлүктү азыркы учурдагы түшүнүү жана ал өз ичине камтыган маселелердин калыптанышы үчүн бир канча кылымдар менен миңдеген жылдар өткөн» [1, 36-б.]. Изилдөөчү таанып-билүүдөгү өтүүчүлүктүн генезиси менен герменевтикасы илимий революцияга жана адашууга туш болуп, кылымдардан келе жаткан эмпирикалык жана теориялык деңгээлдердин диалектикалык байланышындагы маңызды түзөрүн ырастайт. Ошентип таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармалардагы салттуу билимдердин рационалдуулугу өтүүчүлүк механизминин негизинде ассимиляцияланат деп жыйынтык чыгарууга болот.

Салттын өзөгүн түзгөн элдик оозеки чыгармалардагы эмпирикалык билимдердин илимий анализден өтүп, практикада колдонулушу акыйкатты таанууга багытталат. Ошондой эле жаңы билимди жаратуучу өбөлгө – социалдык детерминантка ээ. Таанып-билүүдө

салттуу билимдердин жаңы көз караште каралышы, илимдер аралык изилдөөнү талап кылган маселелер системасынан турат. Мында материянын болмушка болгон карым-катнашы эске алынып, эмпирикалык билимдери табият мыйзамдарынын эсебинде кабыл алынган. Ошондуктан эмпирикалык билимдердин илимий таанылышы рационалдык деңгээлдеги ойлордун өздөштүрүлүшү менен интерпретацияланат.

Таанып-билүүдө салттуу билимдердин структурасы так жана гуманитардык илимдер менен туюндурулуп, бирок тармактык изилдөөгө ээ болбой калган өңүттөр арбын кездешет. Алардын ар бир илимий изилдөө тармактарга ажыратылышы таанып-билүүдө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка жана башка) экстраполяциялоо жаштарды тарбиялоонун жана улуттук шайкештикти сактап калуунун жолдорунун бири болуп саналат. Мисалы, «Ак ийилет, бирок сынбайт», «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат», «Дос табышат, душман кагышат» деген макалдар жашоонун реалдуулугун чагылдырып, илимий таанып-билүүдө тармактык изилдөө объектилерине айланат. «Ак ийилет, бирок сынбайт» мында таалим-тарбия берүүчү үгүткө ээ болуп, педагогикалык билимдин норма жана принциптерине баш иет. Ал эми медицинада ар кандай ооруну жашырсаң, өлүмгө алып келиши бул чындык. Ошондуктан элдик оозеки чыгармалардагы рационалдык мазмунга ээ болгон эмпирикалык билимдер арбын жана аларды изилдөө алдыда. Ошентип дүйнөнү таанып-билүүдө элдик оозеки чыгармаларда сакталып келген демейки-практикадан өткөрүлгөн билимдер учурда медицина, астрономия, химия, биологиялык илимдердин талдоосун талап кылып, жаңыча жаралуусу коомдун зарыл шарты катары орун алууда.

Дүйнөнү таанып-билүүдө салттуу билимдер элдик маданияттын компоненттеринин бири болуп саналат. Ошол эле элдик оозеки чыгармалардагы салттуу билимдердин бүтүндөй ааламга көз жүгүртүп байкап, табият кубулуштарын акылы аркылуу баалоолору өзгөчө баскычка ээ. Мисалы, «Манас» эпосу кыргыздардын флора, фауна, космология, медицина чөйрөлөрүн карап өткөн, түрдүү маалыматты камтыган энциклопедиялык мүнөздү берет. Ал эми уламыш, миф, жомок, кичи эпостор, макал-ылакаптардагы ой жүгүртүүлөр, кайрадан карап чыгууну жолго салат. Ошентип, кыргыз элинин эзелтен, биздин күнгө муундан-муунга келип жеткен, демейки тажрыйбадан топтолгон билимдери таанып-билүүдө динамикалык башатка ээ болгон процесс деп айтууга толук негиз бар.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Арзыматов, Ж.С. Тануу менен өтүүчүлүктүн диалектикасы [Текст] / Ж.С. Арзыматов. – Бишкек: [б-сыз], 2017. – 322 б.

2. Бөкөшов, Ж. Окуя өтөт, ой калат [Текст] / Ж. Бөкөшов. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 328 б.

3. Манас: Эпос [Текст] / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. − Ф: Кыргызстан, 1982. – 207 б.

4. Матвеенко, И.И. К вопросу о творческом характере человеческого сознания [Текст] / И.И. Матвеенко // Природа сознания и закономерности его развития. – Новосибирск, 1966. – С. 75–83.

5. Тогузаков О.А. Элдик мурастын философиясы [Текст] / О.А. Тогузаков. − Бишкек, 2003. – 293 б.

**Рецензент: филос. илим. канд., доц. Г. Орунбаева**